**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**

**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН**

Дуйшенбекова Гульнара Султанбековнанын кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 145-беренесинин 1,3-бөлүктөрүнүн, 153-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун отурумун кийинкиге жылдыруу тууралуу

**АНЫКТАМАСЫ**

2024-жылдын 14 -февралы Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, К.А Дуйшеев, Л.Ч. Жолдошева, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев курамында, катчы А.Т.Таалайбековдун катышуусунда

**Т А П Т Ы**:

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту Г.С. Дуйшенбекованын кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 145-беренесинин 1, 3-бөлүктөрүнүн, 153-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти 2024-жылдын 14-февралында кароону баштаган.

Ишти маңызы боюнча толук жана ар тараптуу кароо максатында сот отурумунда улуттук коопсуздук жана ички иштер органдарынын өкүлдөрүн чакыруу жана сурамжылоо зарылдыгы келип чыкты.

“Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 42, 48, 52-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Г.С. Дуйшенбекованын кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 145-беренесинин 1, 3-бөлүктөрүнүн, 153-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти кароо 2024-жылдын 21-февралына саат 9.30га жылдырылсын.
2. Тараптар жана соттук отурумдун башка катышуучулары кабыл алынган чечим жөнүндө кабарландырылсын.
3. Аныктама акыркы жана даттанууга жатпайт, кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**